**УДК 37.013**

# КЫРГЫЗСТАНДА 12 ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫН ИШКЕ АШЫРУУНУН ПСИХОЛОГИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК АСПЕКТИЛЕРИ

**Мамашерип кызы Нуриза**-окутуучу,
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
педагогика жана психология кафедрасы
ORCID 0009-0006-8681-9288
nurizam90mail.ru
**Маткасымова Минавар** - улук окутуучу, ОшМПУ
mminavar68@gmail.com

**Аннотация:** Бул макалада Кыргызстанда 12 жылдык билим берүү системасын ишке ашыруунун психологиялык-педагогикалык аспектилери талкууланат. Теманын актуалдуулугу бул билим берүү реформасы өлкөнүн тарыхындагы эң маанилүү реформалардын бири жана билим берүү системасынын жана бүтүндөй коомдун өнүгүшү үчүн чоң кесепеттерге ээ экендиги менен шартталган. Кыргызстанда 12 жылдык билим берүүнү киргизүү психологиялык-педагогикалык аспектилерди терең талдоону талап кылган татаал жана көп кырдуу процесс болгондуктан, бул система билим берүүнүн сапатын жогорулатууга, окуучулардагы зарыл заманбап көндүмдөрдү жана билимдерди калыптандырууга, бүтүрүүчүлөрдүн эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыздоого багытталган. 12 жылдык билим берүүнү киргизүү Кыргызстандын билим берүү системасын модернизациялоодогу маанилүү кадам болуп саналат. Бирок бул реформаны ийгиликтүү ишке ашыруу комплекстүү мамилени жана бардык психологиялык-педагогикалык аспектилерди эске алууну талап кылат.

**Негизги сөздөр:** 12 жылдык билим берүү, билим берүү реформасы, психологиялык-педагогикалык аспектилери, Кыргызстан.

# ПСИХОЛОГО-ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ АСПЕКТЫ ВНЕДРЕНИЯ 12-ЛЕТНЕЙ СИСТЕМЫ ОБРАЗОВАНИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ

**Мамашерип кызы Нуриза** - преподователь
Ошский государственный педагогический университет
ORCID 0009-0006-8681-9288
nurizam90mail.ru
**Маткасымова Минавар** - старшый преподаватель, ОшГПУ
mminavar68@gmail.com

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются психолого-педагогические аспекты реализации 12-летней системы образования в Кыргызстане. Актуальность темы обусловлена тем, что данная образовательная реформа является одной из важнейших реформ в истории страны и имеет большие последствия для развития образовательной системы и общества в целом. Поскольку внедрение 12-летнего образования в Кыргызстане – сложный и многогранный процесс, требующий глубокого анализа психолого-педагогических аспектов, данная система направлена на повышение качества образования, формирование необходимых современных навыков и знаний у учащихся, обеспечение конкурентоспособности выпускников на рынке труда. Введение 12-летнего образования является важным шагом в модернизации системы образования Кыргызстана. Однако успешная реализация этой реформы требует комплексного подхода и учета всех психолого-педагогических аспектов.

**Ключевые слова:** 12-летнее образование, реформа образования, психолого-педагогические аспекты, Кыргызстан.

# PSYCHOLOGICAL AND PEDAGOGICAL ASPECTS OF THE IMPLEMENTATION OF THE 12-YEAR EDUCATION SYSTEM IN KYRGYZSTAN

**Mamasherip kyzy Nuriza**
Osh State Pedagogical University
teacher
nurizam90mail.ru
ORCID 0009-0006-8681-9288
**Matkasymova Minavar**
Department of Pedagogy and Psychology
senior lecturer
mminavar68@gmail.com

**Abstract:** This article examines the psychological and pedagogical aspects of the implementation of the 12-year education system in Kyrgyzstan. The relevance of the topic is due to the fact that this educational reform is one of the most important reforms in the history of the country and has great implications for the development of the educational system and society as a whole. Since the introduction of 12-year education in Kyrgyzstan is a complex and multifaceted process that requires a deep analysis of psychological and pedagogical aspects, this system is aimed at improving the quality of education, developing the necessary modern skills and knowledge in students, and ensuring the competitiveness of graduates in the labor market. The introduction of 12-year education is an important step in the modernization of the education system of Kyrgyzstan. However, the successful implementation of this reform requires an integrated approach and taking into account all psychological and pedagogical aspects.

**Key words:** 12-year education, education reform, psychological and pedagogical aspects, Kyrgyzstan.

Кыргызстанда 12 жылдык билим берүү системасы киргизүүнүн натыйжалуулугу барбы? деген суроо учурдун талабы катары каралууда. Бул реформа адистер арасында да, жалпы коомчулук арасында да көптөгөн талаш-тартыштарды, талкууларды жаратты. Кыргызстанда 12 жылдык билим берүү системасын киргизүүнүн психологиялык-педагогикалык аспектилери маселеси бүгүнкү күндө билим берүү тармагындагы эң актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Азыркы этапта жаш муундарды социалдаштыруу проблемасы өзгөчө мааниге ээ. Социализация проблемасынын актуалдуулугу азыркы кыргыз коомундагы кайра куруулар менен аныкталат. Алар социалдаштыруу процесси жүрүп жаткан жаңы шарттарды аныктайт. Ааламдашуунун жана маалыматташтыруунун күчөгөн процесстери коомдун улуттук негиздерине жаңы чакырыктарды жаратууда. Бүгүнкү күндө коомдун жашоо жөндөмдүүлүгү жаштардын калыптанышына байланыштуу муундарда рухий иммунитеттин болушу, өз элинин каада-салты жана кылымдык маданияты менен таанышуу маанилүү. Реформанын натыйжалуулугу жана өлкөдөгү билим берүү системасынын келечеги так чечимдерден көз каранды.

Кыргызстанда жалпы билим берүү мектеби акыркы жылдары өзүнүн көрүнүшүн байкаларлык түрдө өзгөртүүсү, билим берүү системасында олуттуу жаңылануга алып келген дүйнөлүк өнүгүүнүн негизги тенденциялары болуп төмөнкүлөр саналат:

- коомдун өнүгүү темпин тездетүү;
- постиндустриалдык, маалыматтык коомго өтүү, маданияттар аралык өз ара аракеттенүүнүн чөйрөсүн кеңейтүү;
- коомду демократиялаштыруу.

Өнүккөн өлкөлөрдүн билим берүү системасында билим берүүнүн философиясын жана методологиясын жаңылоо, билим берүүнүн мазмунун куруу ыкмаларын өзгөртүү, билим берүүнүн мазмунунун алда канча алдыңкы моделдерин иштеп чыгуу, билим берүүнү башкаруунун натыйжалуу жолдорун издөө тенденциялары байкалууда.

Билим берүү системасын жаңылоону колдоо боюнча ири кадамдар жасалууда. Бирок жетишилген натыйжалар туруктуу экономикалык өсүштү жана адам капиталын өнүктүрүүнү толук камсыз кыла албайт. Кыргызстанда билим берүү системасынын өнүгүү деңгээлине терс таасирин тийгизген факторлор сакталып калууда. Мектепте билим берүүдө

диагностикалык максаттарды коюунун жоктугу билим берүүнүн жетишкендиктерин баалоонун эскирген системасынын сакталышы стимулдаштыруучу мүнөзгө ээ эмес, объективдүүлүктү камсыз кылбайт жана стресстик кырдаалдарга алып келет;

Азыркы учурда 12 жылдык мектепке ылайыкталган билим берүүнүн белгилүү эл аралык стандарты калыптангандыруу зарыл. Кыргызстандын 12 жылдык билим берүүгө өтүшү бизге билим берүүнүн жаңы улуттук моделин иштеп чыгуу боюнча стратегиялык милдетти ийгиликтүү чечүүгө мүмкүндүк берет.

Бул макаланын максаты Кыргызстанда 12 жылдык билим берүү системасын ишке ашыруунун психологиялык-педагогикалык аспектилерин талдоо болуп саналат. 12 жылдык билим берүүгө өтүү шартында мектеп окуучусунун инсандыгынын негизги структуралык-системалык мамилесин талдасак, көптөгөн компоненттер бар.

Кыргызстанда 12 жылдык билим берүү системасын киргизүүнүн психологиялык-педагогикалык аспектилери болуп төмөндөгүдөй шарттрын карап көрүүгө болот.

**1. Балдардын 12 жылдык мектепте окууга даярдыгы:** 6-7 жаштагы балдардын баары эле 12 жылдык мектепте окууга даяр эмес. Себеби бала бакчадагы, орто мектептеги баланын көптүгү же мектеп бала бакчанын жетишсиздигинен балдардын баардыгына мугалим толук билим берип же мектепке даярдап үлгүрө албайт. Кээ бир балдарда 5-6-7-жашында ийгиликке жетүү үчүн зарыл болгон когнитивдик, социалдык жана эмоционалдык көндүмдөр жок болот. Бул академиялык ийгиликсиздикке, окууга болгон мотивацияны жоготууга жана башка көйгөйлөргө алып келиши мүмкүн.

**2. Окутуунун жүгүн жогорулатуу:** 12 жылдык билим берүү системасы балдардын окуу жүктөмүнүн өсүшүнө алып келет. Демек, мындай өсүү бул балдарга чарчоону, аткаруу үчүн ашыкча күч жумшоону же башка ден соолук көйгөйлөрүнө алып келиши мүмкүн. Мындай учурда атайын окутуунун жүгүн азайтуу жана окуу планын оптималдаштыруу боюнча чараларды иштеп чыгуу зарыл.

**3. Социализациянын көйгөйлөрү:** 12 жылдык билим берүү системасы балдардын социалдашуусуна алып келиши мүмкүн. Мектепте окуган балдардын башка мектептердеги теңтуштары менен баарлашууга убактысы аз болуп, бул обочолонууга, өзүнө ишенбөөчүлүккө жана башка көйгөйлөргө алып келиши мүмкүн. Ошондуктан, биринчи психологиялык-педагогикалык шарт болуп, психологиялык жактан окуучуларды колдоо максатында ар түрдүү тийиштүү программаларды иштеп чыгууну талап кылынат. Анткени мектеп окуучуларын социалдаштыруу жана инсандык өнүктүрүү боюнча комплекстүү билим берүү ишинин эффективдүүлүгү жакшы натыйжа берет.

**4. Квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги:** Кыргызстанда 12 жылдык мектептерде иштөө үчүн квалификациялуу кадрлар жетишсиз. Заманбап мугалимдин коммуникативдик жана мазмундук функцияларын кароо керектелет. Мугалимдерди 12 жылдык мектеп шартында иштөө үчүн даярдоо жана кайра даярдоо программаларын иштеп чыгуу зарыл экендигин белгилеп кетүү маанилүү.

**5. Финансылык чыгымдар:** 12 жылдык билим берүү системасы кошумча каржылык чыгымдарды талап кылат. Бул чыгымдар жаңы мектептерди куруу, мугалимдерди кайра даярдоо ж.б. Билим берүү чыгымдарын оптималдаштыруу боюнча атайын чараларды иштеп чыгуу зарыл.

12 жылдык билим берүүнү ишке ашыруунун 1-алкагында төмөнкүлөргө өзгөчө көңүл бурулат:

1. Билим берүүнүн мазмунуна өзгөртүүлөр: Бул окуу пландарын жаңыртуу, критикалык ой жүгүртүүнү, коммуникациялык көндүмдөрдү жана санариптик сабаттуулукту өнүктүрүүгө багытталган жаңы дисциплиналарды кошууну камтыйт. 12 жылдык окуу боюнча окуу жүктөмүн бирдей бөлүштүрүү, бул окуучулар үчүн стрессти азайтат жана материалды тереңирээк өздөштүрүүнү камсыз кылат. Жогорку класстарда кесипке багыт берүү иштерин жүргүзүү.
2. Окуучулардын психологиялык адаптациясы: Окуунун ар бир этабында окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу, психологиялык колдоо көрсөтүү жана жагымдуу билим

берүү чөйрөсүн түзүү зарыл. Балдарды социалдаштырууга, алардын функционалдык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө көңүл буруу маанилүү.

3. Педагогикалык кадрларды даярдоо: Мугалимдер жаңы системада иштөөгө даярдоо, окутуунун заманбап ыкмаларын өздөштүрүп, окуучулардын ар кандай категориялары менен иштей билиши керек. 12 жылдык окуу боюнча мугалимдерди кайра даярдоо зарыл.
4. Заманбап билим берүү инфраструктурасын түзүү: Мектептер заманбап жабдуулар, окуу-методикалык материалдар жана маалыматтык технологиялардын жеткиликтүүлүгү менен жабдылышы керек. Көп тилдүү билим берүү, расмий жана чет тилдерди окутуунун артыкчылыктуулугун белгилөө зарыл. Билим берүүнү санариптештирүү, билим берүү процессине маалыматтык технологияларды киргизүү зарыл.

Ошентип, изилдөө 12 жылдык билим берүүнүн негизги максатын жаш куракка байланыштуу өнүгүү өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окуучунун гармониялуу бүтүндүгү, окуучунун инсанын өнүктүрүү катары аныктоого мүмкүндүк берет. Кыргызстанда 12 жылдык билим берүү системасын киргизүүнүн оң жана терс жактары бар. Реформанын эффективдүүлүгү көбүнесе анын кандайча ишке ашырылып жатканына көз каранды экенин белгилей кетүү маанилүү. Бул системаны колдоо үчүн мамлекет жетиштүү каражат бөлүп, мугалимдер билимдүү, чыгармачыл, компетенттүү жана атаандаштыкка жөндөмдүү, динамикалуу өнүгүп жаткан чөйрөдө жашоого жөндөмдүү, өз кызыкчылыгында да, коомдун кызыкчылыгында да өзүн-өзү ишке ашырууга даяр инсанды калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн, керектүү кайра даярдоодон өтүшү зарыл. Мындай учурда билим берүү системасы атайын изилдөөлөрдү жүргүзүп, инсанды өнүктүрүүдө зарыл болгон психологиялык-педагогикалык шарттарды аныктоо маанилүү. Ошондо гана 12 жылдык билим берүү системасы оң натыйжаларды бере алат. Берилген максатка ылайык, күтүлгөн натыйжалар төмөнкү компетенциялар түрүндө аныкталат:

- Баалуулукка багытталган компетенттүүлүк –окутуучу кесип ээлерин айланадагы дүйнөнү адекваттуу кабылдоо жөндөмдүүлүгү, жарандык жана патриоттуулуктун эң жогорку этикалык баалуулуктарынын негизинде коомдун аң-сезимдүү жашоосунда өзүнүн ролун таба билүү. Билим берүү жана когнитивдик компетенттүүлүк –даярдалып жаткан адис ээлерин өз алдынча жана илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн процессин камсыз кылган комплекстүү компетенттүүлүк.
- Коммуникативдик компетенттүүлүк – эне тилин жана башка тилдерди билүү, адамдар менен өз ара аракеттенүү жана баарлашуу ыкмаларын өздөштүрүүсүн камсыз кылуу. 12 жылдык билим берүүнүн максаттарына жетүү мүмкүнчүлүгү жана ийгилиги мугалимдердин мектеп практикасындагы инновациялык ишмердүүлүгү менен аныкталат. 12 жылдык мектепте компетенттүүлүккө негизделген мамиле өзгөргөн шарттарда иш-аракеттерди жүргүзүү жөндөмдүүлүгүндө көрүнгөн сапаттардын комплексин өнүктүрүүнү камтыйт. Окуу процессин уюштурууда башталгыч класстын окуучусунун өнүгүү максаттарын комплекстүү чагылдырган билим берүүгө ден соолукту сактоочу мамиленин мааниси жогору болушу абзел..

12 жылдык билим берүүгө өтүүнү ишке ашыруу үчүн мектептин материалдык-техникалык базасын камсыз кылуу зарыл экендигин белгилеп кетүү маанилүү.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024 жылдын 15 марттагы чечиминин негизинде мектептик жалпы билим берүүнү 12 жылдык системага трансформациялоо демилгеленди. Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан дүйнөдөгү бир катар алдыңкы тажрыйбаларды талдоонун негизинде билим берүүнүн жаңы концепциясы иштелип чыкты жана учурда мектеп билиминин мазмунун долбоорлоо жумушу колго алынды.

Кыргызстанда 12 жылдык билим берүүнү киргизүү терең анализдөөнү жана психологиялык-педагогикалык аспектилерди кароону талап кылган татаал жана көп кырдуу процесс. Бул реформаны ийгиликтүү ишке ашыруу негизги факторлорго көз каранды. Жогоруда айтылдгандай билим берүү программаларын адаптациялоодо окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жана азыркы коомдун талаптарына ылайык келген жаңы билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу зарыл

Кыргызстанда 12 жылдык билим берүүнү ийгиликтүү ишке ашыруу билим берүүнүн сапатын жогорулатууга, студенттердин заманбап дүйнөдө ийгиликтүү жашоосу үчүн зарыл болгон компетенцияларды өнүктүрүүгө жана өлкөнүн эл аралык аренада атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

**Колдонулган адабияттар:**


1. 2003-жылдын 27-июлундагы № 175 "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы.
2. 2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын билим берүү системасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы.
3. Кыргыз Республикасында 12 жылдык билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы.
4. Жадрина М. Поиск условий развития школьного образования в перехода на 12-летний цикл обучения Педогика.
5. В.К. Павленко «К проблеме совершенствования содержания обучения в 1-4 классах 12- летней школы» Методическое пособие Астана. 2004 г.
6. Көлөм 2 № 2 (2024): А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин жарчысы. https://ilim.oshmpu.kg/index.php/01/article/view/24